« Бекитемин »
Мектеп директору:
__________ Акматов.А

Кабыл алынды
2020-ж 25сентябрындагы
педкеңештин №2 токтомунун
негизинде

# Мугалимдердин жана окуучулардын адеп кодексинин Жобосу

**Педагогикалык этика** – мугалимдин өз педагогикалык ишмердигинде, окуучулар, балдар менен болгон мамиледе ченем принцибин сакташы, окуу-тарбия ишинде балдарга ыгын таап туура мамиле жасай билүү, кылдаттык менен табылган педагогикалык каражат-ыкмалар аркылуу окуучуларга таасир көрсөтүү чеберчилиги.

Педагогикалык этика негизи - педагогдун балдардын психологиясын терең билүүсү жана окуучуга индивидуалдуу мамиле жасоо жөнүндөгү педагогикалык жобого кеңири түшүнүүсү. Педагогикалык этика мугалимдин түрдүү кырдаалдарда, окуучунун көңүл маанайын, оюнун багытын кылдаттык менен баамдап, ошого жараша мамиле жасап, баланын тилин таап, окуу-тарбия процессинде оң натыйжага жетишинен көрүнөт.

Мугалим окуучулар менен алака-катышта аларга акыл-эстүү талаптарды коюп, ошону менен катар сылык-сыпаа болуп, өзүн аяр кармай билиши керек. Ар бир окуучунун, тарбиялануучунун жекече кыял-жоругун, индивидуалдуу өзгөчөлүгүн, жашоо шартын эсепке алуу менен жасалган кылдат, мээримдүү, камкор, жапакеч мамиле, конфликттүү кырдаалдарда сезим ченемин сактап, сабырдуу туруп, өзүн окуучунун ордуна коюп, маселеге баланын көзү менен карай билүү жана карама-каршылыкты ийкемдүү айла-амалдар менен чече билүү искусствосу – ийгиликтин ачкычы. Авторитардык-буйрукчул мамиле бала менен педагогдун ортосунда гармонияны эмес, дисгармонияны жаратат.

Педагогикалык этика – мугалимдин профессионалдык сапат-касиети, анын педагогикалык чеберчилигинин бир кыры. Мындай сапат педагогдун чаалыкпаган эмгегинин, изденүүлөрүнүн, бул багыттагы атайын илим-билимди терең үйрөнүүсүнүн, өзүн өзү кайрап-бүлөп өстүрүүсүнүн натыйжасы. Окуучуга жакын болуу, ага мээримдүү, жапакеч мамиле жасоо, аны ыгы жок эркелетүү, тең ата болуу деген сөз эмес. Балага гумандуу мамиле жасап, ошону менен катар ага талап коё да билүү керек. Окуучуга ишеним көрсөтүү, ага «оптимисттик гипотеза» (Макаренко) менен карай билүү, анын кишилик ар намысын урматтоо, маданияттуу, сылык жүрүм-турум, мамиле этүүнүн демократиялык стили, түркүн кырдаалда учурдун, моменттин өзгөчөлүгүн бурчатпай туюп, керектүү тоналдуулукту кармай билүү – педагогдун окуучулар арасындагы атак-аброюнун, авторитетинин булагы.

Биздин мектептин кызматкери катары мен дайыма:

- Өз окуучуларымды сыйлайм;
- Окуучуларды окутуунун жаңы жана натыйжалуу ыкмаларын табуу үчүн өз кесиптик көндүмдөрүмдү өнүктүрөм;
- Улутуна, жынысына, материалдык абалына карабай окуучулардын бардыгына бирдей мамиле кылып окутам;
- Окуучулардын физикалык, эмоционалдык, интелектуалдык жана руханий өнүгүүсүнө көмөктөшөм;
- Балдар өз потенциалын толук кандуу ишке ашыра алышы үчүн, окуучулардын ар түрдүү керектөөлөрүн эске алып окуу программасын аларга ыңгайлаштырам;
- Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жана окуу программасы менен байланышкан окутуу максаттары так коюлган сабактарды өткөрөм;
- Класста кызыктуу жана позитивдүү окутуу чөйрөсүн түзөм;

- Окуучулардын жумуштарын объективдүү, чынчыл жана ачык баалайм;
- Окуучулардын маанилүү социалдык маселелерге сын көз караш менен маани берүүгө мотивациялайм;
- Ата-энелерди балдардын тарбиялануусу жана окуп үйрөнүүсү тууралуу маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине тартам жана алардын купуялуулук укугун сыйлайм;
- Өз кесиптик кызыкчылыктарымды жүрүм-турумдун адеп ченемдерине туруктуу жана жоопкерчиликтүү мамиле кылуу аркылуу сактайм;
- Кесиптештеримди сыйлайм, жамаат менен тыгыз кызматташтык жана өз ара аракеттенүү аркылуу окуучуларды сапаттуу окутууга көмөктөшөм;
- Насаатчылыкка активдүү катышам жана мугалимдердин кесиптик көндүмдөрүнүн өнүгүүсүн, өзгөчө жаш мугалимдердин жаңы башталган ишмердигин колдойм;
- Эгерде кесиптештеримдин бирөө бул Адеп кодексинин жоболорун бузса, өз оюмду ачык айтам.

**Окуучулардын этикасы мектеп-парламенти тарабынан иштелип чыккан**

Окуучулардын жүрүш-туруш эрежелери:

- коңгуроо кагылаары менен окуучулар өз ордуна келип, сабакка тиешелүү нерселерди даярдоосу керек;
- кезек кайтаруучу класстык бөлмөнү жана сабакка керектүү жабдыктарды даярдап, мугалимге сабакка келбеген окуучулар жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү;
- ар бир окуучу класстагы иш ордунун тазалыгы жана сакталышы үчүн жооп берет;
- мугалим класска киргенде окуучулар саламдашуу үчүн ордунан турушу керек;
- партанын үстүндө ашыкча эч нерсе болбошу керек; китептер жана дептерлер мугалимдин уруксааты менен ачык турушу керек;
- сабак учурунда окуучулар түз отуруп, ашыкча сүйлөбөй, башка иштер менен алек болбошу керек;
- окуучу сабакта мугалимдин бардык талаптарын аткарышка милдеттүү;
- эгерде, окуучу сабак учурунда эшикке чыккысы келсе, педагогдон жооп сурашы керек;
- окуучу жооп берүүгө күндөлүгү менен чыгуусу жана жооп берип жатканда түз туруп, ачык жана катуу сүйлөшү керек.
- эгерде окуучу мугалимден бир нерсе сурагысы келсе, кол көтөрүп, мугалим урксаат бергенден кийин туруп, суроо бериши керек;
- окуучулар башкаларга өз кошумчасын, алардын катасын оңдоого мугалимдин уруксааты жок эле айтууга ээ;
- коңгуроо кагылгандан кийин мугалимдин уруксааты менен окуучулар тынч гана класстардан танаписке чыга алышат;
- дене тарбия сабактарына окуучулар спорттук кийим жана бут кийим менен келишет. Мугалимдин уруксааты жок окуучулар спорт залга кире алышпайт. Дене тарбия сабагынан бошотулган окуучулардын да спорт залда сабакка милдеттүү түрдө катышуусу керек.
- Мугалимдер менен биз тилектеш жамаатпыз.Бул максатарыбызга биргелешип иштешип,педагогикалык,инновациялык ишмердүүлүккө умтулуп,чыгармачыл мугалимдерди куттуктоо менен жетебиз
- Окуучулар менен чыгармачыл баарлашуу,бири-бирин сыйлоонун,урматтоонун негизинде эмгектенебиз.

- Биздин окуучулардын мыйзамдуу билим берүү процессинин катышуучулары. Биз бири-бирибизди сыйлап эмгектенебиз.

## ТАНАПИСТЕГИ ЖҮРҮШ-ТУРУШУ:

- мектеп имаратынын ичинде танапис убагында окуучу өзүн тынч, тартиптүү алып жүрүүгө милдеттүү;
- ар бир окуучу, күзөтүү кызматчысынын талабы боюнча, өз аты-жөнүн жана классын айтууга милдеттүү;
- коридор жана тепкичтерде жолдун оң жагында жүрүү шарт;
- коридордо, тепкичтерде мугалим, же башка улуу адамдын алдына чыкпоо, эгерде, керек болсо уруксаат суроо керек;
- сылык болуу, улуу адамдар жана балдар менен саламдашуу;
- мектепке кирүү жана чыгууда башкаларды түртпөө, алдыга улууларды жана кыздарды коё берүү;
- танаписте класста кезек кайтаруучу гана калып, имаратты салкындатып, классты иретке келтирет;
- танаписте, сабактан уруксаат суранбаш үчүн даараткалага баруу керек, ал жерде тыкан болуп, колун милдеттүү түрдө жууш керек.

## МЕКТЕП БУЮМДАРЫНЫН ЖАНА КИТЕПТЕРДИН САКТАЛЫШЫ:

- бардык окуучулар мектеп буюмдарын сактоого милдеттүү, өз буюмдарына этияттык менен мамиле кылуусу зарыл;
- окуучунун күнөөсү менен буюмдар бузулса, ата-энелери толугу менен ордуна коюсу, же түзөтүүсү керек;
- окуучулар жашыл дарактарды отургузууга, сактоого, эгерде мектепке зыян келтирилсе, ордуна келтирүүгө милдеттүү;
- окуу куралдары, китептер, окуучулардын күндөлүктөрү тыкандыкта болуусу керек;
- бүт окуучулар окуу куралдарын сактоосу керек. Ар бир китепте арасына салынуучу тасмасы болуш керек. Барактарды жулуп же бүктөбөш керек, китепке жазууга, же сүрөт тартууга болбойт.

## ЖҮРҮШ-ТУРУШ МАДАНИЯТЫНА КАРАТА ТАЛАПТАР:

- баары менен сый-урматта, жайдары болуу;
- улуулар менен сүйлөшүп жатканда колун чөнтөгүнө салбоо, өзүн түз кармоо;
- балдар менен саламдашканда, алардын аты-жөнүн айтуу;
- тазалык жана тартипти сактоо, абдан маанилүүсү - булгабоо;
- улууларга, жолдошторуна жардам берүү. Жардам суроону гана күтпөстөн, тегерегиндегилерге көңүл буруп кароо;
- тыкан, жыйнактуу болуу милдети, бети, колунун тазалыгын сактоо, чач жасалгасына, кийиминин, бут кийиминин тазалыгына көңүл буруу.

## МАССАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАРДАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫН ЖҮРҮШ-ТУРУШТАРЫ:

- мектепте өтүлүүчү майрамдарга кооз кийинип, жыйнактуу, тыкан чач жасалгасы менен так убактысында келиш керек;
- залда түртүшпөй, баарынан алдыга чуркабай, талашпай өз ордуна отуруш керек;
- майрам башталганга чейин акырын сүйлөп, күтүш керек. Башталышы жөнүндө айтылаар замат сүйлөшкөндү токтотуу керек;
- иш-чара убагында сүйлөшкөнгө, тегерегиндегилерге тоскоолдук кылууга, бир орундан экинчи орунга өтүүгө, ищ-чара бүткөнгө чейин таштап чыгып кетүүгө тыюу салынат;
- улуу адамдар кирсе, орун таап берүү керек.

## АШКАНАДАГЫ ЖҮРҮШ -ТУРУШКА КАРАТА ТАЛАПТАР:

- ашканага өз классындагы окуучулар менен уюштуруучулук жана тынч жагдайда баруу;
- ашканада жүрүш-туруш маданиятына карата өзүн алып жүрүү;
- тамак-аштарды кезек менен алуу;
- нан жана башка тамак-аштарга этияттык менен мамиле кылуу;
- ашканага класс үчүн атайын түзүлгөн мөөнөт менен танаписте гана баруу;
- ысык жана суюк тамак-аштарды алууда жана колдонууда этияттык, көңүл коюп мамиле кылуу;
- тамактангандан кийин колдонгон идиш-аяктарды чогултуп, атайын столго алып барып коюу.

## КОРУТУНДУ БӨЛҮК:

- окуучуларга коюлган бул талаптардын бузулушуна карата тартиптик жана тарбиялык таасир берүүчү жазалар колдонот:
  - 1-и - ата-энелерине билдирүү жана жарыялоо;
  - 2-и - ата-энелерин мектепке чакыруу;
  - 3-ү - окуучуну мектептен чыгаруу.
- мектеп парламенти окуучунун жүрүш-турушуна түзөтүү киргизүү үчүн башка формаларды колдонуу укугуна ээ: эмгек десанты – ашканага жардам берүү, класстык бөлмөлөрдү, дааратканa, мектеп территориясын тазалоо;
- бул эрежелерди одоно түрдө жана бир нече жолу бузса, окуучу мектептен чыгарылат. Мектептен чыгарылган мезгилде, окуу үчүн төлөмдөр кайтарылып берилбейт;
- бул эрежелер комплекстен тышкаркы иш-чараларга да тиешелүү болуп саналат.